СТАНАЛИЕВА
nbknu@mail.ru

# УЛУТТУК ТАРЫХТЫН КӨРКӨМ ЧЫНДЫГЫ

Акыркы мезгилдерде кыргыз адабиятында өзүнчө бир ракурс түзүлгөндөй болду. Ал мурунку доордун өкүлдөрү болгон белгилүү тарыхый инсандардын өмүр-таржымалына кайрылган прозалык чыгармалардын арбын жазыла башташы. Ошол эле Шабдан баатыр, Ормон хан, Канат хан сыяктуу тарыхый каармандардын образдары идеалдаштырылып сүрөттөлүп, алардын өз учурунда эл үчүн жасаган алгылыктуу саясий же азыноолак агартуучулук жаатындагы ишмердиктери даңазаланууда десек болот. Ырас, эл башында турган тарыхый инсандарыбыздын көркөм чыгармада бийик баа берилип, көркөм сөзгө алынышына эч кандай каршылык жок. Маселе башкада. Учурунда өз элинин тагдырында олуттуу роль ойногон тарыхый инсандардын образын жаратуу алда канча жоопкерчиликти жазуучунун мойнуна тагары бышык. Ал ириде, ошол каарман жашаган доордун, мезгилдин тарыхына байланыштуу жоопкерчилик.

Мына ошондой жоопкерчиликти 16-жыл окуясына кайрылган Ж.Егембердиевдин «Канат хан» (2006) романында кандайча ишке ашыра алды. Сөз оролу ушул жөнүндө болсун. Айта кетүүчү нерсе, «Канат хан» авторунун бир-эки повестин эске албаганда, эпикалык жанрдагы алгачкы бараандуу түйшүгү.

Романда 1916-жылдагы көтөрүлүштө хан көтөрүлүп, эл баштаган жетекчилердин бири Канат Ыбыке уулунун өмүр таржымалы чагылдырылат. Жазуучу элдик көтөрүлүштүн өзүн тарыхый ишенимдүүлүктө көрсөтүп берүүнү максат кылган. «Канат ханда» көтөрүлүшчүлөрдүн кадимкидей согуштук дем менен кагылышка өтүшү, душманды жеңмейинче артка чегинбешке ант берүүлөрү, Канатты хан көтөрүп, көтөрүлүштүн кадимкидей долбоору түзүлүп, анын негизинде иш-аракеттердин жүзөгө ашырылганын, акыркы мүмкүнчүлүк калганча жүргүзүлгөн айыгышкан кармашууларды айкын көрүүгө болот. Автордун тарыхый материалдар менен кылдат иштегени чыгармадан көрүнүп турат. Улуттук тарых илиминде көтөрүлүштүн жетекчилери тууралуу жеткиликтүү илимий иликтөөлөр жокко эсе. Совет мезгилинде эл жакшыларынын көтөрүлүштөгү жетекчилик ролу четке кагылган же болбосо көз жаздымда калып көрсөтүлгөн эмес. Бул көрүнүш 1916-жылдагы элдик көтөрүлүштүн тарыхый маанисинин толук ачылып көрсөтүлүүсүнө тоскоолдук кылганы талашсыз. Көлдөгү көтөрүлүштү изилдеген тарыхчы Т.Шейшеканов мындай дейт: «Көтөрүлүштүн долбоорлорун иштеп чыккандарды, анын жүрүшүндөгү согуштук тактикалардын авторлорун, кээ бир инсандардын хан көтөрүлүүсүн, аскер башчыларынын дайындалышын, мамлекеттик институттардын кээ бир элементтеринин калыптанышын ж.б. көрсө көрмөксөнгө, билсе билмексенге салып келишкен.

Андай окуяларга атайын көңүл бурушкан эмес. Мисалы көтөрүлүштүн жүрүшүндөгү Мөкүштүн, Канаттын, Батыркан Райымбек уулу менен Батыркан Ногой уулунун ж.б. хан көтөрүлгөндүктөрү тарых илиминде изилденген эмес десек эч жаңылыштык болбойт. Эгерде кээ бир эмгектерде алар эскерилсе, андай фактылар көтөрүлүштүн реакциячыл борборлорунда болгон деп белгиленген.»[1]

Кыргыз совет адабиятында ушундан улам көтөрүлүшкө жетекчилик кылган каарман кедей табынын өкүлү катары мүнөздөлүп, ал эле эмес ага белгилүү бир деңгээлде революционердик мүнөз да ыйгарылып келгени маалым. Ал эми тарыхый чындыкка жол берилип, Канат сыяктуу каармандардын образын чагылдырууга болгон чыгармачыл

[1] Шейшеканов Т. 1916-ж. Көлдөгү боштондук кыймылынын жетекчилери жөнүндө // Кыргызстан тарыхынын маселелери. – 2006.– №3. – 58-б.

ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

аракеттер аёосуз куугунтукка кабылышкан. Буга А.Токомбаевдин «Кандуу жылдар» романында «Канатхан» бөлүмү болгондугу үчүн гана идеологиялык жат чыгарма катары алынып салынгандыгы тууралуу фактыны келтирсек жетиштүү.

«Канат хан» романы эгемендик мезгилиндеги көтөрүлүшкө жетекчилик кылган, эл тарабынан хан көтөрүлгөн каармандын образына кайрылган, 16-жылдагы улуттук-боштондук көтөрүлүштүн тарыхый чындыгын таасын көрсөтүүнү максат кылган тарыхый роман. Роман эки бөлүмдөн турат: биринчи бөлүмүндө Канаттын аталары Төрөгелди жана Ыбыкелердин өлгөнгө чейинки турмуш-тагдырлары, ошондой эле Канаттын болуш болуп шайланышы, элдик кызматта өзүн көрсөтүшү, башкача айтканда, 16-жылга чейинки мезгил кеңири чагылдырылса, экинчи бөлүм толугу менен элдин боштондук үчүн болгон көтөрүлүшүн чагылдырат.

Ж.Егембердиев 1916жылдагы көтөрүлүштө Жумгал, Кочкор болуштуктарынын элине жетекчилик кылган Канат Ыбыке тууралуу болгон тарыхый маалыматтарды иликтеп-иргеп, тарыхый чындыктын көркөм чындыгын жаратууга аракет жасаган. Белгилүү коомдук ишмер Белек Солтоноев «1916-жылдагы кыргыз көтөрүлүшү» деген эмгегинин «Көтөрүлүштүн долбоору» деген бөлүгүндө Пишпектеги июль айындагы болуп өткөн жашыруун кеңешме жөнүндө маалымат берип, ал кеңешмеге Канат Ыбыке уулу, Исамудин Шабдан уулу ж.б. кыргыз жакшылары катышкандыгын жана көтөрүлүштүн долбоору иштелип чыккандыгын белгилеген[2]. Бул чындыгында элдик көтөрүлүштүн тарыхый маанисин аныктоодо чоң роль ойноп турган маалымат болчу. Ж.Егембердиев 16-жылдагы көтөрүлүштүн тарыхый маани-мүнөзүн аныктап бере турган дал ушундай маалыматтарга таянып, Канат хан жетектеген элдик көтөрүлүштү ырааттуу сүрөттөп берет. Кыргыз адабиятында буга чейин улуттук-боштондук көтөрүлүштүн өзү эмес, анын жыйынтыгы, б.а. үркүн окуялары көп чагылдырылып келген болсо, «Канат хан» романында кандуу кагылышуулардын жүрүшүндөгү окуяларга түздөн-түз күбө болобуз. Анда көтөрүлүш алдындагы абал, Канат хандын падышалык бийликтин оор салыктарынан элди кутултуунун жолун издеши, аскерге алуу тууралуу буйрукка элдин каршы чыгышы, көтөрүлүшкө чыгуу тууралуу ойдун жапырт эл тарабынан кабыл алынышы, эл жакшыларынын ортосунда кадимкидей сүйлөшүүлөрдүн, макулдашуулардун жүрүшү жана кандуу кагылышуулар, анын жыйынтыгы кенен-кесири чагылдырылып отурат. Ж.Егембердиев эң алды көтөрүлүштүн улуттук-боштондук мүнөзүнө басым жасайт. Ал 16-жылдагы окуяны тек гана элдин чаржайыт каршылык көрсөтүүсү эмес, а уюшулган элдик массанын боштондук үчүн болгон көтөрүлүшү катары көрсөтөт. Романдын бул артыкчылыгын адабиятчы А.Акматалиев да белгилеген: «Жумакадыр Егембердиевдин «Канатхан» романынын 1916-жылкы улуттук-боштондук кыймылдын маселесине кайрылган чыгармалардан бөтөнчөлөнүп турган жагдайы – автор эң биринчилерден болуп эркиндикке, азаттыкка умтулган кыргыз элинин ата-журтун, эл-жерин баскынчылардан сактап, коргоп калуу кыймылын баш аламан көтөрүлүш эмес, а атайын уюшулган улуттук-боштондук күрөш катары чагылдыргандыгында»[3].

Ошондой эле романда 16-жылдагы көтөрүлүш бир гана кыргыз эли үчүн эле эмес, орус келгиндери үчүн да трагедиялуу окуяларды жаратканына реалдуу баа берилген. Романдагы окуянын берилишинен бир мисал келтире кетели:

«Канаттын колу кыштакты каптап киришип, эки жакка бир дагы тирүү жан чыгарбастан курчап алышты. Жаалданган бунтчулар мужиктердин үйлөрүнө, үйүлгөн эгин менен чөптөрүнө өрт коюшту. Ошол жемиштүү жакшы жерлеринен зордук менен айдалып, тоо-ташка сүрүлүп, азаптанып жүрүшкөн Чүйлүктөр айрыкча жинденишип, жашы-карысын ылгабастан көрүнгөнүн найзалап, ай балта менен чабышып, кыргын салып жүрүштү. Ошентип, бунтчулардын мыкаачылыктары орус айылдарында өкүм сүрдү.»[4]

---

[2] Солтоноев Б. Кызыл кыргыз тарыхы. – 2-китеп. – Бишкек, 1993. – 96-б.
[3] Акматалиев А. Канатхан – улуттун ар-намысы // Адабий гезит.– 2007.– Апрель.– №13.
[4] Егембердиев Ж. Канат хан.–Бишкек, 2006 – 314-б.

ABBYY PDF Transformer 2.0
Click here to buy
www.ABBYY.com

ABBYY PDF Transformer 2.0
Click here to buy
www.ABBYY.com

Мындай тарыхый чындыгы бар окуяларды чыгармада көз жаздымда калтыруу бер болгондо 16-жылдагы көтөрүлүштүн маанисине толук көңүл бурбагандык болор эле. Автор Канаттын колунун Токмок калаасын алууга жасаган иш-аракеттерин кеңири сүрөттөйт. Кандуу кагылышуулардын жүрүшүндө Канаттын кадимкидей согуштук тактикасын көрүүгө да болот. Ал кандуу кармашууларда каармандык менен элди ыңгай-шартка жараша багыттап, ал эле эмес, өтө жоопкерчиликтүү учурда өзү да эрдикке да барат. Баштаган эли азаптуу кырылып жатканын көрүп, ал тайманбастан элге ажал отун чачкан замбирекчини сайып жыгып, анын жардамчысын чокмору менен жыга чаап, жеткирбей качып кетүүгө үлгүрөт. Романда бир эле Канат хан эмес, кандуу кагылышууларда Кегетилик кедей Үкүнүн, Курманбай уулу Аалынын, Бакытай уулу Сулаймандын баатырдык эрдиктерине күбө болобуз. Акыры мындай эрдиктер жана элдин кажыбаган каармандыгы өз натыйжасын берип, ойоздук аскерлер Токмокко кире качып, коргонуу позициясын гана ээлеп калышат. Токмок шаарын бир канча күн камап, коргонуучуларга кошумча аскердик күч келгенге чейин Канат баштаган эл бир кыйла жеңиштерге да ээ болушканы менен калаага кире алышпайт. Токмоктогу коргонуучуларга кошумча күч келиши менен козголоңчулар жеңилүүгө учурап, кандуу кыргында калып, туш тарапка качууга аргасыз болушат. Канат хандын буйругун жаналакетке түшкөн эл укпайт. Окуянын ушундай нук алышы, элдин азаптуу кырылууда калышы Канаттын зээнин кейитет. Романдан ал акыркы мүмкүнчүлүк калганча жанын үрөп, болгон аракетин жумшаганын көрөбүз. Колунун көбүнөн ажырап, жеңилүүгө учурап калгандан кийин да, эл башчысы жарык берер жол издейт. Бирок, элдин азаптуу тагдырына аралжы болор андай жолду таппайт.

Романдан ар болуштун элин бири-бири менен кабарлаштырып турган чабармандарды жолуктурабыз. Бул көрүнүштү да көтөрүлүш учурундагы уюшкандыктын бир белгиси катары кароого болот. Себеби дал ушундай чабармандардан алган маалыматтар аркылуу Канат хан өзүнүн согуштук жүрүшүнө ыңгай-шартка жараша өзгөртүү киргизип турат. Бирок, канткен менен начар куралданган эл өз учурунун эң мыкты куралы менен куралданган орус аскерине тең тайлаша албайт эле. Акыры эл жеңилет. Бул жеңилүү – эң бир оор, кайгылуу окуялар менен коштолуп, карапайым элди тукум курут болуу коркунучуна такады. Жанында жакын гана адамдары калып, Кытайга качууга аргасыз болгон Канат хан: «Кайрыдиндерге каршы жасаган казатыбыз өз башыбызга тийип, азапка салды. Карап туруп калайыкты кайгыга батырдым. Жазыксыз калктын убалына калдым.»[51] - деп кайгы жейт. Анын мындай өкүнүү менен айткан оюна молдо Жаркымбайдын берген кайраты да көңүл буруга арзыйт: «… бардык күнөөнү жалгыз башыңа үйө бербегин. Падышанын буйругуна моюн сунбайбыз. Аскерине барбай урушчубуз – деп көтөрүлгөн сен эмес, жалпы калайык экенин эсиңден чыгардыңбы? Каапырлардын кан күйгөн алыскы ээн талаасында карга-кузгунга жем болуп өлгөнчө, өзүбүздүн туулуп өскөн жерибизде кашык каныбыз калганча кайрыдиндер менен кармашып жүрүп, өлүп бергенибиз артык – дешип, кан какшап, ушул урушка барышканын унуттукпу?»[6] Молдо Жаркымбайдын бул айтканында канткен менен чындык бар эле. Боштондук көтөрүлүшүнө элди чындыгында жалгыз гана Канат сыяктуу эл башындагы кишилер баштап чыккан эмес. 16-жылы падыша бийлигине каршы бир эле кыргыз эли эмес, жалпы Түркестан эли көтөрүлгөн. Бул окуяда элди алдыдагы алааматтан аралжы кылып калууга аракет жасап, орус бийлигинин орошон куралдуу күчүн түшүндүргөн кишилер да болгон. Романда Канаттын билимдүү, элдин азыркысына, келечегине көздөрү жеткен уулдары Ысак, Жапарсадык жана иниси Байдалы көтөрүлүш чыгаруу тууралуу болгон жыйында ушундай аракеттерди жасашат. Бирок,падышачылыктын адилетсиз бийлигине кыжырлануусу күч алып турган эл аларды

---

[6] Аталган китеп. - 343-б.

ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com
ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

укпайт. Ошондой эле Канат да элди артка кайтарууга мүмкүн болбой калгандыгына көзү жетип, балдарын жемеге алууга аргасыз болот.

Көтөрүлүштүн жыйынтыгы жалпы эл үчүн да, эл башында болгон Канат хан үчүн да оор трагедиялуу окуяга айланган. Канат өздөн чыккан чыккынчылар тарабынан колго түшөт, балдарын орус бийлиги атып өлтүрөт, иниси Байдалы да сексен кишиси менен туюкка камалып өлөт. Канаттын образына Т.Касым-Бек да «Кыргын» романынында кайрылган эле. Ал романдын бешинчи бөлүмүндө он үч бетте берилет. Анда жазуучу кудасы Курмандын баласы Ысактын чыккынчылыгынан колго түшкөн Канаттын сурактагы учурун сүрөттөө менен гана чектелген. Көңүл бурууга арзый турган нерсе, эки романда тең Канат орус бийлигинин алдына өзү бастырып барышы азаптын отунда калган элине арачы болор үмүт-максатты аркалоосу катары берилген. Андай тарыхый чындык Канаттын нукура элдик адам болгондугун тастыктаган факты эле.

Бул эки романдагы тарыхый маалыматтардын берилиши тууралуу да ой айтууга туура келет. Алсак, Т.Касым-Бектин «Кыргын» романында тарыхый маалыматтар атайын кара менен белгиленип берилип, ал факты кайсыл тарыхый булактан алынгандыгы көрсөтүлүп, андан соң ошол тарыхый фактыга негизделген сюжеттик окуя баяндалса, «Канат ханда» андай тарыхый маалыматтар автордук тексттин ичинде ойду улап, бекемдеп берилип отурат. Айрым учурларда романда тарыхый маалыматтарга жетеленүүнүн натыйжасында сүрөттөлгөн окуя көркөм текст катары эмес, тарыхый кургак маалымат сыяктуу берилип калганы байкалат.

Ж.Егембердиев чыгармасында Канаттын бала кезиндеги Төрөгелди атасынын орус бийлиги тарабынан бейкүнөө сабалышынын аркасынан жүрөгүндө кара тактын пайда болушу, балалык сезимине бүлүк түшүшү тууралуу бир фактыны көркөм деталь катары пайдалангысы келген. Бул факты чындыгында романдын кульминациялык чекитине – Канаттын көтөрүлүшкө хан шайланып, элди казатка алып чыгышына алып келе турган көркөм деталь, жазуучулук табылга болчу. Мындай болгон шартта, бул көркөм деталь романдын бүткүл тулку-боюнан кызыл сызык болуп өтүп, чыгармага эстетикалык бийик сапат ыйгармак. Мисалы, бул сыяктуу кызыл сызык кызматын өтөгөн К.Акматовдун «Мезгил» романындагы Кызтуубас кемпирдин үркүндө жүрөгүнө түшүрүлгөн кара тагын эске түшүрсөк болот. Кызтуубастын жүрөгүндөгү кара так жаңы замандын тушунда, каргашалуу үркүндөн бир топ мезгилден кийин орус адамы Красин босогосун аттаганда анын капылет өлүмгө учурашына алып келди. Ошондой эле Кызтуубастын жүрөгүнө так түшүргөн окуя Красиндин тагдырында да олуттуу ролун ойноду. Ырас, бул эки чыгармада эки башка мамиле өкүм сүрөт, демек, салыштырып бирдей кароого негиз жок. «Мезгил» тарыхый роман эмес, анда тарых менен мезгилдин философиясын ачып берүүгө, тарыхый окуя жараткан трагедиянын адам тагдырына тийгизген таасирине психологиялык анализ жасоого аракет жумшалат. Ал эми «Канат ханда» көтөрүлүштүн өзү, саясий, тарыхый маани-мүнөзү көрсөтүлүп жатат. Андыктан анда адам психологиясына, тарыхый окуяга карата философиялык-психологиялык ой-жүгүртүүгө караганда, тарыхый фактыларга негизделген окуялуулук алдыңкы планга чыгат да, жогорудагыдай көркөм деталь кандайдыр бир деңгээлде көз жаздымда калып, кызыл сызык болуп өтүү сапатынан ажырап калган.

Ж.Егембердиевдин «Канат ханында» тарыхый маалыматтарга ашкере байланууэркин чыгармачылык ишмердүүлүктү чектеп койгон. Ошондой эле автордун баш каарманынын образын ашкере идеализациялап көрсөтүүгө жетеленип калганын да айта кетиш керек.

Дегеле кыргыз прозасында улуттук тарыхыбыздагы улуу трагедия кайра-кайра чагылдырылып келгени менен тарыхка обьективдүү көркөм мамиле жасоо менен аталган теманын үстүндө иштөөдө жаңы эстетикалык бийиктиктерди багындыруу дагы деле болсо келечектин иши бойдон калууда десек жаңылган болбойбуз.

**Адабияттар:**

1. Шейшеканов  Т. 1916-ж. Көлдөгү боштондук кыймылынын жетекчилери жөнүндө // Кыргызстан тарыхынын маселелери. – 2006.– №3
2. Солтоноев Б. Кызыл кыргыз тарыхы. – 2-китеп. – Бишкек, 1993
3. Акматалиев А. Канатхан – улуттун ар-намысы // Адабий гезит.– 2007.– Апрель.– №13
4. Егембердиев Ж. Канат хан.–Бишкек, 2006.